Ж. БӨКӨНБАЕВ

# ӨМҮР



## УККУЛА ЫРЫН КАЛАМДЫН

Кубулуп турмуш миң бөлөк,
Кулпуруп тынбай сермелет.
Ачуuга сырын турмуштун
Чарк уруп жүрөк термелет.
Арыштап айдың талаада
Жаш калам күлүк—шерденет.
Элести көздөн өткөрүп,
Ээлигип жүрөк үн берет.

Кагылса шаңшып добулбас
Карагай-кайың баш ыргап,
Кайгысын айтсам өткөндүн
Булактай көздөн жаш ыргыйт.

Козголсо калам жорголоп,
Жүрөктүн чери ачылмак.
Толкунга толкун мингендей
Жаш талант ташып ашынмак.

Булбулу жаңы замандын,
Тил безеп канат карандын,
Сынчысы болуп турмуштун
Тарыхка белги тага алгын.



8687

Антыңды актап берилген,
Арыштап алга баралган!
Сайрасын сынап турмушту
Уккула ырын каламдын!

# ӨМҮР

Санап, санап эсептесем өмүрдү,
Өткөн өмүр балдан ширин көрүндү.
Жел жетпеген желмаяндай мал минип,
Жетип кууп, жеңер белең өлүмдү!
Күүгүм кирип күн батканын койсочу,
Саат жылып баратканын койсочу.
Оюн-күлкү салтанатка жарашкан,
Өмүр шагы бүрүн какпас болсочу.

## ЭМГЕК

Алтынды сансыз кылып тапкан эмгек,
Адамды адам кылып баккан эмгек.
Түрдөнтүп албан-албан жердин бетин,
Килемди, бачайыны жапкан эмгек.
Аткарып калети жок турмуш шертин,
Берметти безелентип таккан эмгек.

Жалпыны жадыратып берген эмгек,
Жер сырын бир казанга терген эмгек.
Жаңыртып куу турмушту башка түргө,
Эскини энтелетип керген эмгек.
Шакылдап түмөндөгөн кайрат менен
Душманын как жүрөккө челген эмгек.

Жемишти жер бетине сепкен эмгек,
Гүлдөтүп берекесин төккөн эмгек.
Балкылдап көк деңизге күлүмсүрөп,
Кучактап күндүн нуру өпкөн эмгек.
Козголбой ичин сылап жөн жаткандын,
Чубалтып ичегисин тепкен эмгек.

Мөрөйдү өз колуна алган эмгек,
Цементтен кетер жолун салган эмгек.
Жагылып караңгыга жалындалып,
Балбылдап чырак болуп жанган эмгек.
Сайган бак, сепкен эгин жана башка,
Көкөлөп эмгек менен өсүп-өнмөк.

## ДИН ЖӨНҮНДӨ

Кочкор мүйүз
Ак селдени чалынган,
Коркуп жокко:
Тоого, ташка табынган.
Шатыратып арап сөзүн жаттатып —
Шарыятка далай элдер таңылган.

Бейиш, тозок, санаа менен ойлошкон,
Алдап, арбап, жемин таап тойлошкон.
Болсо дагы калпы чыгып шерменде,
Какылдашып туткан жолун койбостон.

Түү!.. эскичил бизден алыс кеттиң го,
Далай жылы сай сөөгүмө жеттиң го!
Жаңы турмуш тукабасын оронуп,
Мелдеш менен социалга көчтүм го!

Гудок үнү кулагыңды ойду го,
Болот, чоюн жанчып, кырчып сойду го!
Эми мына мен баратам жол чегип,
Эски динчил, эми жексен болдуң го!

## ЭСКИ ДАТ

Жүрөктү кайгы кубалап,
Көңүлдү санаа уйпалап.
Көңүл, санаа,
Жүрөк жара
Өткөндүн датын айта алат.

Бир кезде ичке муң толуп,
Кыялдын ташын омкоруп.
Кубалап канды
Жалынга салды,
Титиреп жүрөк калтаарып.

Айнек көз шоро, ачылбай,
Тилине ширин татылбай,
Эчкирип боздоп,
Муң-зарды козгоп,
Чыңырык үндөр басылбай.

Элирип көңүл желигип,
Эрик нур издеп демигип.
Албырып жүрүп,
Аянбай кирип,
Агарды шоола көрүнүп.

Тагышты маржан-сырганы.
Жаңынын болгон жаркыны,
Мен ошонун курманы.

Көргөндө эже, жеңемди,
Көңүлдүн бою көгөрдү.
Этектеп пахта эрте-кеч,
Адымдап алга жөнөдү.
Жаңынын жаңы балбаны,
Тулпарга бизди өңөрдү.
Большевик берип кеңешти,
Бактылуу чарба көгөрдү.

Аткардык ыкчам көп ишти,
Пахтаны кыштак териштп,
Кызыл кыштак, фабрик,
Кучакташып өбүштү.
Кумдуу талаа көк болуп,
Агызды суудай жемишти.
Ак алтын берип заводго,
Эмгектин сүтүн эмишти.
Эпкиндүү топтор түмөндөп,
Кыштакты көздөй келишти.
Эмгектин досу жумушчу
Дыйканга салам беришти.

Большевик берип команда,
Көмүштү көргө каманды.
Тулпар туяк, куш канат,
Кызыткан кези таманды.
Тартипке түшүп сан жумуш,
Пландуу чарба саналды.

Күлгүн ала гүл менен,
Саймалуу жашыл түр менен,
Кыштактар кымың жасалды,
Гармондой шандуу үн менен,
Эмгекке жүрөк толкуду,
Эжемдер да күч менен.



## КЫЯК КҮҮСҮ

*(Жаш акындарга белек)*

Түз талаа... Келберсинген эмгек толгон,
Май агып — болот кетмен баатыр колдон,
Тер басып, алым куруп келген кезде,
Тартылды кыяк күүсү кашка жолдон.

Санжырга сайма-сайма келген түрү,
Көтөрүп ээликтирет жибек үнү.
Таянып кетменимди, турдум тыңшап,
Да чалды сай медиреп таттуу күүнү.

Аралаш көтөрүңкү — шаңдуу ырын,
Сайрады кулагыма жүрөк сырын.
Мемиреп талаа көшүп, тыңшап турду,
Кыңк этпей жексен болду кара чымын.

Кубулжуп күңгүрөндү шаңдан-шаңга,
Угулуп, жагымдуу үн сандан-санга.
Секирип эмгек, жүрөк мөңкүп жатты,
Дем берип өркөчтөнгөн ташкын канга.

Албырып эки бетим анар болуп,
Угулган күүнүн балын турдум соруп.
Шыңгырап колдо кетмен жаркылдады,



8687
ЦДБ Таш-Кумырская ЦБС
ТАШКУМЫРСКАЯ городская библиотека

Көңүлгө кайрат мизи—шаттык конуп,
Ой бийлеп чубап жатты көңүл чиркин,
Кан чуркап, кагып жүрөк—эркин-эркин.
Шык буруп кашка жолду карап турсам,
Маңызы чалган күүнүн түркүн-түркүн.

## ЛЕНИН БАГЫ

Ленин багы
Булбул, күкүк сайраган,
Ленин багы
Эмгекчи элдер чардаган.
Ленин багы
Сыйра-сыйра тигилген.
Ленин багы
Эрк нуруиа тигилген.
Оюн салын, маданият учкуну,
Жаңы жанып,
Эски даты күбүлгөн.
Жүрөк күлүп,
Эки көздөн шам жанат,
Бакта ойногон жагымдуу шат дүбүрдөн.

## АЛГЫЛА АЛТЫН БИЛИМДИ

Эпке көнбөй калтаңдап,
Карандашты бек кармап.
Тайтаң-буйтаң буйталап,
Жазып жатат беш бармак.

Үйрөң-сүйрөң чиймелеп,
Өз-өзүнө сүйлөнөт.
Окуу десе ынталап,
Абам билим үйрөнөт.

Карс-карс күлүп каткырып,
Ачып көңүл шат кылып,
Окуу-билим жыргалын
Көкүрөккө жат кылып!

Сезимдер жандуу тирилди,
Жүрөктүн даты күбүлдү.
Эмгектин досу абамдар,
Алгыла, алтын билимди!

## ТАЛАА СЫРЫ

Жайылган көк кыртыштуу талаа эркин,
Чыгарат асемдентип асыл көркүн.
Агылат ортосунан ыргып булак,
Айткандай алда нече берген шертин.

Көкөлөйт токсон күүсүн чалып торгой,
Айланат аба жиреп жерге конбой,
Чамынат кара далы, колдо кетмен,
Жарашат табигат да күлүп, ойной!

Каңтарат кара жерди трактор да,
Калтардай шаапилентип тагып сырга.
Кошулса талаа сыры кошоматтап,
Күүлөнөт андан бетер салып ырга.

Жаңырат машинадан чыккан үнгө,
Түшкөндөй мухабаты алда кимге,
Шыңгырайт кетмен үнү күчкө келип,
Оттонуп[1], сай медиреп, кирип тилге.

Көрктөнтөр бул талааны кимдер болмок,
Ким көчүп, ким күлдөтүп, кимдер конмок?
Эгерде маданият жыты аңкыса,
Кең талаа келберсинип кенге толмок.

---

[1] Оттонуп—от алып.

Тур алмак тилеп талаа булчуң колдон,
Жабыла жарашыктап эмгек конгон.
Көрктөнтпөй кең талааны кылган карып,
Эмгексиз эңшерилип, жексен болгон.

*
* *

Көйкөлүп көз жетпестей толгон эгин,
Ашырат миң кубултуп сеңсел көгүн.
Камдашат колхоз болуп кыштак эли,
Молдошуп бара жаткан жолдун жемин.

Сурасаң „маекте“ деп талаа сырын,
Айтамын негиз кылып муну мурун:
Уюшкан колхоз, совхоз — чарба көркүн
Көргөндө көлдөй толкуп ашат ырым.

## КАЛЕМГЕ

Көңүлдүн ачып пардасын,
Күкүктөй күүң сайрасын!
Деңиздей ташып,
Кайратың ашып,
Жаранын тапсын айласын.
Балкасын сокkон баатырдын
Кайратын мактап ашыргын.
Адымдап басып,
Кызыл чок чачып,
Эскини кууп качыргын!

## ТОЛКУНГА МИНСЕМ

Таркады уусу жыландын,
Таралды түнү тумандын.
Тайраңдадым эркелеп,
Жаңынын сүйүп кыл алдын.
Шаңшып ырдап сайрадым,
Жаңылыкка кубандым.

Күүлөсөм булбул тилимди
Көгөртөм эмгек гүлүмдү.
Көкөйдөн кетип кайгы чер —
Келе албасы билинди.
Эркин талаа жол менен
Эрке көңүл жүгүрдү.

## КАМЧЫ ТАГЫ

Мен кетерде жал-жал карап,
Жоолугуңду булгалап.
Ошол кезим эске түшөт,
Ойноп жүргөн жулмалап,
Ошол кезим эске түшөт,
Ойноп жүргөн жулмалап.

Эл Арымга конгон кезек
Күлдүр таштын түзүндө,
Жүидөй сабап кап жалаткан
Ошол жорук эсимде.
Шолок-шолок ыйлап бердиң
Чуркап жеткен кезимде.
Камчы тагы калды беле,
Ай тамгалуу бетиңде?
„Мен туткун" деп ыйлаганың
Элестенет көзүмдө.

Бүгүн көрсөм чарк айланып,
Ак пахтаны тересиң.
Эстей туруп эмгегиңди,
Эргип келет элесиң.
Ал турмушту кайра жасап

Алыптырсың чыңалып.
Камчы тагын бетиңдеги
Эмгек тери чыгарып.
Мен ошондо жарык күлүп —
Жайдарыма кубанып,
Жардам берип большевикке,
Жаңы заман куралык.
Ана турган ак алтынды
Тергилечи куралып!

Жулмалаба азыр келип,
Кечигесиң жумуштан.
Сенден мурун ишке кетти
Азим, Тыным, Күмүшкан.
Тур, эпкиндеп, эрте баргын
Калып калбай ырыстан!
Бир кезекте көзүм тойду
Бүт талаага чыгышкан!
Ушул чыккан жабалактап,
Эжекемдер көрүнөт.
Баары тегиз эпкиндеген
Ак пахтага өңүлөт.
Толгон кыяк күүгө салып,
Толкуп көңүл берилет...

## АЛА-ТООНУН АСКАСЫНАН АШАЛЫК

Рас,
Курбум, акын болдуң жашыңдан,
Рас,
Курбум, акындыгың ашынган.
Бирок,
Курбум, ал талантың уялчаак
Ала-Тоонун аскасына жашынган...
Көп ырдадык —
Көк шиберди мактадык,
Чалкыган көл,
Чар тарабын каттадык.
Мезгил өтүп,
Өнөр бойго жетсе да,
Калың кенчтин
Капкактарын ачпадык.
Жортуп чыгып,
Сар аскалуу белдерден,
Жайыг таап,
Европаны баспадык...
Жер дүйнөгө
Атактары жайылган,
Ай, жылдыздай
Байрон, Пушкин, Лермантөвдон
Эмнең кем? —

Бирок,
Курбум, чыгалбадык айылдан.
Кана, курбум,
Калам — тулпар
Биз минип,
Жар салалы,
Европага шам кармап!

## КОМУЗ

Бешинчи шаңдуу декабрь
Майрамдап элим турганда,
Толкундап ырчы оолукту,
Бурады күүгө комузду.
Жыргалды чертип берүүгө
Шыманды чебер комузчу...

„...Жадырап гүлдөр ачылса,
Күн нуру балкып күлбөйбү?
Күлкүнүн шаңы угулса,
Комуздар күүгө келбейби.
Эркинден өстү элибиз
Эркеси сайрап бербейби?

Эзелтен элим көксөгөн
Эркиндик заман так ушул,
Эркеси болуп турмуштун
Эрекеп өсөр багы ушул.
Эрмегим комуз колдо ойноп,
Ээлигип сайрар чак ушул.
Саргайган талаа кулпунуп,
Көркүнө кирген кез ушул.
Зарыккан кыргыз эл болуп,
Эркине кирген кез ушул.
Зар ыйлап малча сатылган,

Селкилер күлгөн кез ушул,
Кыштактын ичи гүл жайнап,
Ачылып турган кез ушул.
Кыз, келин ишке, өнөргө
Машыгып турган кез ушул.
Таалайлуу турмуш тарыхка
Жазылып турган кез ушул.

Жаркырап жанып шам чырак,
Ааламга тийген кез ушул.
Ала-Тоо, Алай жыргалдын
Ардагын билген кез ушул.
Азаттан башы чыкпаган
Апамдар күлгөн кез ушул.

Асканы муздай талкалап
Жол салып өткөн кез ушул.
Автобус чуркап кийиктей
Даң салып өткөн кез ушул.
Асмандан куштай айланып,
Шаңданып өткөн кез ушул.

Жайлоонун бети жанданып,
Малдарга толгон кез ушул.
Сай-сайдын ичи түрдөнүп,
Калтарга толгон кез ушул.
Ак-Сайдын тоосу чиренип
Аркарга толгон кез ушул.
Аргымак тайлар туйлашып,
Өрүшкө толгон кез ушул.
Ала-Тоо кирип көркүнө,
Жеңишке толгон кез ушул.

Аңыздар алтын чыгарып,
Жемишке толгон кез ушул.

Кумсарып турган куу талаа
Үйлөргө толгон кез ушул.
Капчыгай ичи шаңданып,
Күүлөргө толгон кез ушул.
Колуңда комуз эркиnче
Сүйлөөгө келген кез ушул.

Буулугуп муңдуу ыйлаган
Булбулдун тили чыккан кез.
Туткунда жатып саргайган
Туйгундар көккө учкан кез.
Тулпардай чуркап биздин эл
Душманды туура жыккан кез...

Комуздун үнү, бул күнү
Кайгыда эмес, эркинсиң.
Сайрачы тынбай күн-түнү,
Бактынын туусу желпинсин!..

## ЖЫРГАЛ КҮН

Көк жалама
Муздары бар түн жактан,
Көк шибердүү
Гүлдөрү бар күн жактан,
Куландары
Кудугунан суу ичкен,
Куюн ойноп,
Шамал желген кум жактан.

Енисейден,
Иртыш, Эдил четинен,
Чоң океан,
Кара деңиз бетинен.
Асман тиреп
Аскалары ырдаган,
Ак мөңгүлүү
Ала-Тоонун өзүнөн,
Камчаткадан,
Кырымдан,
Алыстагы
Аралдардан, булуңдан,
Бардык элдер
Бүгүн толкуп күлүшөт,
Бир кишидей

Бүт шайлоого келишет.
Өз талаайы —
Большевиктер даңкына,
Кубанычтуу
Добуштарын беришет.
Канын төгүп,
Эл камы үчүн күрөшкөн,
Кайнап жаткан
Зор майданда тирешкен,
Кайратыбыз,
Жетекчибиз большевик,
Биз беребиз
Добуштарды жүрөктөн,
Жылдыз шамдай
Нурун чачкан жалпыга,
Жыргал берген
Жылкычыга, жалчыга
Миллиондордун
Маңдайында чырагы —
Миң жашасын
Коммунистик партия!

Карап көрчү,
Биздин өлкө саймадай!
Кантип турат
Жаш ырчысы сайрабай!
Жадыраган
Таалай күндүн элдери,
Калбагыла,
Бириң дагы шайлабай.

Күч, кубатын
Өлкөсүнө арнаган,

Күндөй балкып
Улуу жолдон тайбаган.
Партиянын
Уландарын шайлайбыз.
Жеңиш туусун
Көкөлөтө кармаган.
Каршылашкан
Жоо көрүнсө качпаган,
Кас душманды
Кара жерге таптаган,
Тайманбаган
Баатырларды шайлайбыз.
Бактыбызды
Күндүр-түндүр сактаган,
Талааларда
Эгин, пахта эгилген,
Өндүрүштө,
Алтын, күмүш төгүлгөн,
Эркин эмгек —
Эркиндүүнү шайлайбыз.
Партияга
Чыны менен берилген
Тоолордогу
Чабандарды шайлайбыз,
Малы жайнап
Берекелүү семирген.
Бүгүн майрам
Бүгүн өлкө жеримдин,
Бүгүн майрам —
Кубанычы көңүлдүн
Ой да, кыр да,
Асман, ай да тамаша,

Асыл сөздүн дайрасы
Кутман элең Токтогул.
Арасында жашык жок
Курчтан элең Токтогул.

Муңайганды күлдүргөн,
Жайдары элең Токтогул.
Айтарына келгенде,
Ак куладай арыштап,
Айдаар элең Токтогул.
Ай тийбес тоодо улардай
Сайрар элең Токтогул.
Ак тулпардай тилиңди
Чабат элең Токтогул.
Алтын башың бар болсо,
Алыскы жаткан Москвага
Барат элең Токтогул.
Булбулдай тилдин көркү үчүн,
Партиядан мактоону
Алат элең Токтогул.

Кадимки кара күн болсо,
Өчөт элең Токтогул.
Кайгы менен арманда
Өтөт элең Токтогул.
Бейитиңди чым басып,
Калат эле Токтогул.
Ким көңүлгө өзүңдү
Алат эле, Токтогул?
Азыркы эркин заманда
Өлүү эмессиң тирүүсүң,
Партия таптап өстүргөн

Ырыстуу элдин бирисиң.
Атагың чыгып ааламга,
Ардактуу элдин гүлүсүң.
Жеткирди Совет санааңды,
Өмүрүң кайра жаралды.
Таалайлуу акын экенсиң
Атагың көпкө таралды.

## АК КУУНУН УЧУШУ

Кыргыек куштай зымылдап,
Кыялым учуп жөнөдү,
Толкунду жирен баратат
Тоо көлдүн сулуу кемеси.

Ак булут жокто көгөргөн
Асман да тен, көл да тең,
Ээлигип көңүл сүйүнөт
Эркелеп сокпон жел менен.

Түнөрүп тоолор көрүнөт
Түркүгүндөй өлкөнүн.
Башынан мөңгү жаркырайт
Маңдайындай селкинин.

Төбөдөн нуру жаркырап,
Сөөлөткө толгон чар тарап.
Кубандырып жаныңды
Куркулдап ак куу айланат.

Канаты күнгө чагылып,
Учканын кара ак куунун,
Кадимки чүрөк кептенип,
Сызганын кара ак куунун.

Кызыктырат адамды
Ак алтындай жүндөрүң.
Кыргыздан баатыр издеген
Айчүрөк болуп жүрбөгүн?

Алыс сапар сыноо жол
Басып келип жүрбөгүн?
Аламын десе бир душман,
Качып келип жүрбөгүн?

Айланбай ак куу сырыңды айт,
Азапка башың урунбайт.
Чарчасаң көлгө коно бер
Чачыкей сага жулунбайт.

Издеп келсең баатырды
Тандап таап аласың.
Куудурбастан шумкарын
Кошо ээрчите барасың.

Самаган жерге жеткирер
Канаты бар кыргыздын.
Ак шумкардай эргиген
Адаты бар кыргыздын.

Калың жоосун кыйратар
Куралы бар кыргыздын.
Качырганын кайсаган
Тынары бар кыргыздын.

Өмүрүңдү жыргатар
Турагы бар кыргыздын.
Түбөлүккө өчпөгөн
Чырагы бар кыргыздын.

Кайрылгын, ак куу, кайрылгын,
Убара болбой кайта бар.
Кырк жөкөрүң кырк кызга
Менден салам айта бар.

Кыздарга барып кеп айткын,
Кызыктырып бек айткын.
Буурулга минбей баатырлар
Учуп келет деп айткын.

## ЖАЙДЫН БИР КҮНҮ

Муздак булак жылгадан
Агып турат шылдырап.
Кыя жолдон каткырган
Кыз күлкүсү угулат.

Көлдөй толкуп көк шибер
Моокумунду кандырат.
Асман тиреп сары аска
Карап турат жалдырап.

Улуу тоодон угулган
Ышкырыгы улардын,
Көз тойбогон сулуулук
Көрүп туруп кубандым.

Ушундай жерде төрөлгөн,
Ушундай жерде көгөргөн,
Кайгысы жок жайдары —
Кагылам кыргыз элимден!..

## АТКАН ТАҢ

Күзгү түн... Кара бороон согуп турду,
Карышкыр капчыгайдан улугандай.
Түрүнүп эки этегин түн терметип,
Бир караан келе жатты тыным албай,
Көзүнүн нуру азайып, ирени өчкөн,
Көп кайгы, көп азапты тарткан жандай.

Көтөргөн аркасында жаш баласы
„Атаке, ач болдук" деп ыйлап келет.
Алыс жол... Айланасы ээн талаа,
Бүлбүлдөп ар кай жерден от көрүнөт,
Туйгандай бир укмушту алды менен,
Абалап алда кайдан иттер үрөт.
Аңгыча бороон токтоп, жел ышкырбай,
Көшүлүп тынчый берди түн мемиреп.

„Алсырап көөнүм айнып барам" деди,
„Арыдым, айланайын, балам" деди.
„Ээн чөл, армандуу өлгөн энеңди ойлоп
Эзилип эт жүрөгүм элжиреди.
Өкүнүп жабыр тартып жүрсөм дагы,
Үмүттөн күдөр үзбөйм өмүрдөгү",

Тобокел, эр жолдошу деген кеп бар,
Каралдым, качан болсо кайратуу бол.
Күүлөнүп бакыт кушу эргип учса,
Күнүткө бизди салган күн жоголор.
Ар качан тагдыр салса чыдаш керек,
Адамзат бирде тайып, бирде оңолор.

Адамга кайрат болот үмүт деген,
Үмүттөн таалай бакыт өсүп-өнгөн,
Дүйнөдөн кайгы менен өтүп кетер
Кармашып душман менен күрөшпөгөн.
Тоо бузуп топон суусу каптаса да,
Тосуп тур көкүрөктү кебелбестен.
Агарды кара чачым, көптү көрдүм,
Башымдан далай шумдук күн өткөрдүм,
„Атакем айтып кеткен акылы" деп,
Ар качан, жаным балам, эстей жүргүн.
Уйку алып тыныгалы деген кезде
Угушту арка жактан ат дүбүртүн.

Мынакей жакындады ат дүбүртү,
Ал дагы жолоочунун жүргөн түнкү.
„Карыптык баштан өткөн адам болсо,
Кайырсыз кантип таштап кетсин бизди".
Кубарган карыянын беттерине,
Кубаныч нуру балкып кан жүгүрдү.
Жейрендей куугун жеген талаадагы,
Желдирип бир топ атчан жете келди.

— Сырыңды айт өлбөй тирүү жүрөм десең,
Сен кимсиң ээн жерде түндө баскан.
Кеп ташып кызылдарга кызмат кылып,

Келатпа тыңчы болуп тигил жактан.
Каларсың балаң менен көмүлбөстөн,
Башыңды кылыч менен кыя чапсам.

— Жок, мен бир дүйнө зарын тарткан жанмын,
Алыстан азап чегип келатамын.
Аялым ачкалыктан кыйноодо өлдү,
Жарына боз дөбөнүн Жашыргамын.
Жабыгып араң жүргөн абышкага
Андай деп катуу тийип асылбагын.

Камчы үйрүп карыяны ортого алып,
Магдырап эки офицер күбүрөштү.
Артынан катуу куугун келаткандай
Башкасы шашкан бойдон жолго түштү.
„Элсиз чөл... каргаларга жем болосуң“
Эңкейип кылыч менен шилтеп кетти.

Кара жер соруп жатты каадасынча
Жыгылган карыядан аккан канды.
Чыңырып жаш баланын ыйлаганы
Талыкшып турган түндүн тынчын алды.
Жаралуу күчтөн кетип жан бергенде
Жамгырдай нур төгүлдү... таң агарды...

Жыл өттү... Ай артынан айлар чубап,
Толкундай шамал курган деңиздеги.
Эңгиреп ээн чөлдө калган жетим
„Эл четн, жоо бетине“ барган кези.
Бир күнү дем алышка бара жатып,
Баягы атасы өлгөн жерге келди.
Томсоруп ойго батып турган чакта,
Токтобой көзүнөн жаш имерилди.

— Алпештеп, жалгызым деп баккан атам,
Жазыксыз каран түндө каның тамган,
Зарылтып жетимдикке кор кылбастан,
Заманам алдейлеген, багып алган.

Бекерден чачылган жок сенин каның,
Беттешип сан душмандан өч алгамын.
Туулуп жер жүзүнө жаңы дүйнө,
Түн кетип, түбөлүккө аткан таңым!..

Жаркырап дүйнөгө жанып турган,
Жаралган сөлөкөтү көктө нурдан,
Булагы соолбогон адамзаттын,
Бузулбас, түбөлүккө таалай курган —
Айланам, мекениме жаным курман!..

## КЕЧКИ ЖЕЛ

Булуттар көчүп асманга,
Ойт берип шашып качканда,
Кечки жел берет серүүнду
Эмгекти кылып жатканда.

Кургатып терин эмгектин
Кубантып аны желдеттиң.
Ыргалтып башын кайыңдын
Көргөздүң көзгө келбетин.

Кулпуруп күйгөн кара жер,
Кубанса кургак мончок тер,
Теректин башын термелткен,
Тентек го экен кечки жел.

## КӨК МЕНЕН

Жаш жарын бозой тоскондой,
Жадырап аппак таң атты.
Шүүдүрүм баскан жаш гүлдөр
Жүгүнүп нурга караштьі.
Көкөлөп ойноп жел менен
Көпөлөк учуп баратты.

Күзгүдөй тегиз талааны
Күүлдөп добуш каптады.
Жайкалган көпкөк шиберди
Жапырып шамал таштады.
Туруптур бир топ самолёт
Туурда куштай таптагы.

Ыргыдым, миндим бирине
„Ылайык ушул“ дегендей,
Ыраакы жолго жөнөдү,
Ызылдап жайкы көгөндөй.
Асмандап сызып бараттым,
Абалкы Чүрөк жеңемдей.

Көк асман даңгыр жолго окшойт,
Сур булут чыккан чаңга окшойт,
Үңкүргө дайра киргендей,
Уюлуп шамал жел боздойт...

Ийрилип аккан чоң өзөн
Ийнеде учук жипке окшойт,
Чытырман токой калың бак,
Чырымтал бетте түккө окшойт.

Көк тиреп турган катар тоо
Көшүлүп чөккөн нарга окшойт.
Суналган чөлдө чалкар көл
Сулууга бүткөн калга окшойт.

—1492

## КЫЗЫЛ-КЫЯ

Казылып кара алтыным чыккан жерди,
Ыр менен күүгө кошуп айткым келди.
Кажыбас социалчыл жаш каламым—
Сайрачы, ана жаткан көмүр кенди!
Алышкан эмгек менен жер алдында
Алтын күч абамдарга берип демди.

Мактаймын жерден алтын тапканыңды,
Толкутуп жаш жүрөгүм, жаш канымды.
Бөлөнүп ысык терге алка-шалка,
Эпкиндеп жерден көмүр казганыңды.
Кылайын колдо кайлоң жүрөгүмдү —
Эрмек кыл, эмгек оку жазганымды!

### Шахтанын ичинде

Тарам-тарам тарап кеткен
Токсон тогуз жолдору,
Орнотулган чоюн сызык
Бул эмгектин коргону!
Жылтыр-жылтыр ар кай жерде
Карбиттери колдогу.
Бекет-бекет бекеттелген—

Түркүктөрү бектелген.
Столбалар сыйра-сыйра
Чебер колдон септелген.
Бул үңкүрдөн кайрат кайнап
Эр жумушчу иштеген.
(Мен бактылуу эмгек сүйгөн
Бул кызыкка кез келген...)

## Забойщиктер

Буркан-шаркан булоолонгон,
Ысык терге киринген,
Колдо бургу, машинасы,
Зырылдаган, жүгүргөн.
Социалчыл эр балбаным
Билектерин түрүнгөн.
Мен садага, мен кубанам,
Майдандагы түнүңдөн.

Качыр-кучур катуу дабыш,
Кара алтынды каңтарып,
Кара чоюн кажыбас кол
Жердин түбүн аңтарып.
Ташып жатат алмак-салмак,
Дөңгөлөктөр даң салып.

„Чап кайлоңду, чап кайлоңду,
Дагы эпкиндеп арталык!" —
Деген үндөр миң миллион,
Жер алдында жар салып!

Ал забойщик —
Эр кажыбас,
Ал эмгектин балбаны,
Бур бургуңду,
Зырылдасын
Социалдын майданы.
Каз алтынды,
Каз алтынды,
Толсун өнөр жайлары!
Бүт орундап, бирин койбой.
Большевиктин айтканын,
Эр забойщик, эпкиндегин,
Берекелүү казганың.
Жер түбүндө миң балбаным,
Чапканыңдан жазбагын!

## Эпкиндүүлөр

Түрүнгөн балбан булчуң —
Билектерин,
Көтөргөн темир кара
Күрөктөрүн,

Кажыбас социализм каарманын,
Мактагын ырдап тилим, сүрөттөгүн,
Карачы, баш көтөрүп,
Ал „үңкүрдү"
Эр эмгек турмуш менен күрөшкөнүн!
Кайнаган эпкиндүүнүн кайраттары,
Ордосу зор майдандын көмүр кеним,
Таптаган большевиктин балкалары.

Андагы жумушчунун эпкиндерин,
Көксөгөн көмүр кеним,
Мына келдим —
Санаттап, ырдап жүрөк айтар жериң.

## Көрчү

Бурап-бурап бургуларын,
Мыктап балка ургануп!
Шапа-шапа, калдыр-гүлдүр,
Эпкин жумуш кылганын.
Ал эпкиндүү—турмуш көркү,
Айда жүрөк, ырдагын,
Кара алтында сен эпкиндүү,
Мен да сенин курманың!
Эр эпкиндүү, эр жумушчу
Курал кылып жүрөгүмдү
Өз колуңа берейин!
Күн өткөрбөй орундайлы
Большевиктин керегин.
Бүрдөтөлү, гүлдөтөлү
Жаңы турмуш тирегин!

Чуулар чыгат,
Шаң угулат,
Жердин алды жаңырат.
Тулпар арыш күү сайралат,
Эр эпкиндүү чамынат.
Казып жатат эр забойщик
Кара алтынды жаңылап.

## Комсомолдор

Катар-катар бригаддар
Эр жүрөктүү жаштарым,
Ал комсомол, ал эпкиндүү,
Көрчү көмүр казганын.
Ал эпкинде ылдамдат,
Берген антың актагын.
Бачур-бучур талкалагын
Үзгүлтүктүн капканын.
Биздин майдан—кызуу майдан
Шердендирет жаш канын!

Жаш жумушчу — комсомолдор
Чапкан аттай жарышкан,
Мен кубандым көрөр замат,
Көксөп келген алыстан!
Кайрат байлап жаш күчтөрү
Кайлоолорун чабышкан.

Кечээ койчу Алымкулум
Бүгүн кенге кириптир,
Ал комсомол эпкиндеген
Анын күчү электр.
Көсөм Ленин орденинен
Бирин төшкө илиптир!

Сен көрөсүң ал „үңкүрдөн"
Алымкулдай жашынды,
Алар кайрат — Ленинчил жаш
Кайнап күчтөр ашынды.
Чап, кайлоңду,

Бур, бургуңду,
Жерден казып асылды!
Актап чыккын,
Эпкин-эпкин,
Жаш большевик антыңды.

## Паровоздор

Көксөп келген
Көрөр көзгө
Кызыл-Кыя бир сонун,
Шарак-шарак, шарактаган
Кыймылдары миң форум.
Эр паровоз сойлоп жүрөт
Чоюн сызык жолдорун.
Ал бир балбан,
Жүгүн арткан,
Мактап комуз толгодум.

Күн-түн талбай күпүлдөгөн,
Дөңгөлөктөр үндөгөн,
Ал бир тулпар, темир туяк,
Кара алтынга жемдеген.
Белес-белес белестерден
Чоюн сызык өткөргөн,
Ал паровоз арыш салды
Айдагардай кептенген.

Шаңгыр-шаңгыр шаңгыраган,
Дөңгөлөктөр ырдаган,
Буу буудапы — талбас тулпар

Буруларын кырдаган.
Кызыл-Кыям,
Мен ырдасам,
Сен эмгектин ордосу.
Ал—бир гигант кара алтынга,
Донбасымдын жолдошу.
Ал—паровоз, айда маршты,
Социализм жоргосу.

Ана гигант
Буу чыгарды,
Эми эскилик жеңилди.
Мен ырдаймын күүгө кошуп
Кызыл-Кыя жеримди,
Ал бир алтын быгып жаткан,
Аңтаралы көмүрдү,
Камда гигант,
Казып чыгар,
Социалдык „жемиңди!"

*1931.*

## ЖИБЕК СААМАЙ

*Поэма*

Асмандап азат үндөрү,
Ачылган солгон гүлдөрү,
Бүгүн таңшыйт безенип...
Буулган булбул тилдери...
Адырдан, тоодон, талаадан
Ак кептерди үндөдү...
Кызыл байрак желбиреп,
Түбүндө түмөн жан күлөт,
Эмгектин эркин өнкүлөп
Сегизинчи март келет.
Күкүк сайрап чынардан,
Күүлү талант үн берет...

I

Ачылбай гүлдөр солгондо,
Кан кайнабай тоңгондо,
Ачуу шамал, түмөн түн
Жүрөк канын соргондо,
Кан какшатып карыпты,
Канкор кожо бол ондо.
Калды жетим чыркырап
Жибек саамай коргондо,

Турмуш салды чалманы,
Сегиз жашка толгондо.
Саамайлары сиркеледи...
Барды зулум бир колго.
Кайгы каптап магдырап,
Жал-жал көзү жалдырап,
Айнек бети албырды
Бай кызынан нан сурап.
Ыңгыранган күү менен
Жүрөк зары шыңгырап.
Байчечекей бүрүштү,
Башта турган гүл бурап.
Уулуу таяк, шум кыял
Көкүрөктү муңжулап,
Көктөн көкөй кесилди,
Көз жаш булак, кансырап...

Көздөн шоро басылбай,
Каткан чылпак ачылбай,
Таш кордодой кайнады,
Жармашкан муң ачылбай.
Азаптанды ар күнү
Бай катыны батырбай.
Кара башыл көк көсөө
Калганы жок катылбай
(„Ал кордукту бул күнү
Бүт айтамын жашырбай,
Каны башка кас жүрөк
Какшатты го жашымдай").

Бай кыздары күлгөндө,
Башайыны кийгенде,

Той, тамаша салтанат
Жорго-минип жүргөндө,
Жибек саамай боздоду
Кумар болуп күлгөнгө.
(Куур тондо шам чырак,
Күңүрт болуп күйгөндө.)
Жетимчилик, жокчулук,
Желкесине мингенде.
Жибек саамай боздоду,
Үнүн кошуп түн чеиде:
„Тентек теңир, кылдың кордук,
Ата-энемди жалмадың...
Акырында мени дагы
Жанган отко кармадың...
Ташып барат кирген суудай
Көкүрөктө арманым.
Кылчы, зулум, кылчы болсоң,
Дагы чала калганын.
Эркелетти бай катынын
Ээсиз сенин арбагың.
Бир башымды миңге салып,
Касаптадың, каргадың".
Деди дагы жерди тиктеп,
Жетим карап боздоду.
Жел куюндап сандан-санга
Мундун үнүн коштоду.
Акын торгой тил безеди
Ачык аба боштогу:
„Көп ыйлаба,
Көп кыйнаба,
Жаш кызыл гүл жаныңды,
Калсын иңир,

Каршы жүгүр,
Тоскун аткан таңыңды“—
Деген үнду
Укту, күлду,
Жибек саамай селк этти.
Аткан таңды,
Келген шамды,
Сүйүнчүлөп жел кетти.

II

Алпештеп соккон эркин жел
Элирткендей көңүлдү.
Эриктин нуру ташкындап,.
Чар тарапка төгүлдү.
Шаттык күүлөр сайралып,
Таратты го чериңди.
Чуулар чыгып асманга
Шум турмушту жемирди,
Жез канаттуу күч билек
„Желмогузду“ кемирди.
Билек түрдү жардамга,
Бирдей тегиз сан күлүк,
Кызыл манат жайылды
Кыбыладан таң күлүп.
Ой, чуңкурду кыдырды,
Дөңдөн-дөңгө шаң күлүп.
Шаң аралаш шаңк этти,
Жибек саамай ал күлүп.
Колду сермеп чуркады,
Кайгыдагы кан жүрүп.
Жаңыладың маршыңды,
Санжыргалар артылды,

Туткун турмуш түмөндү
Түрүп артка калтырды.
Жибек саамай — таң кызы,
Тил безеди чарк урду.
Жазбай калам турабы,
Таң күкүгү чарк урду.
Кожоюн болду эмгекчи,
Колдон сыгып алтынды.
Нур көшүлсө бетинен,
Көргөн сайын жетилем,
Кайрат кирип кубатка
Карууланган, жетилген.
Кара туман муң-кайгы
Эбак кеткен эсинен.
Көркүн бүгүн көрөсүң
Социалдын күчүнөн.
„Жин, шайтандар“ жоголгон,
Чырмап көңүл эргиген,
Чындап кирип жумушка
Чынар терек өрчүгөн.

III

Шаттандырып кыялды,
Сандан-санга уланды.
Жапан чөлгө күпүлдөп
Курулуштар куралды.
Эңгезердей кирпич үй
Элес кылат мунарды.
Эринбестен, шерденип,
Кимдер курган буларды?
Такыядан селкилдеп
Жибек саамай чубалды,

Жашылдады талааны
Жайнап эмгек карааны.
Дарылдады жок кылып,
Жансыз жаткан жараны
Тазалады арадан.
Кам көкүрөк „аланы“
Күкүк сайрап күү менен
Күүлөндүрдү санааны,
Күү дүңүнө бийледи
Жаш булбулдун каламы.
Эрме чөлгө тил кирди
Эрмек кылып гудокту,
Чолпон көктө балкылдап,
Бул майданды күзөттү.
Мотор ырдап зирилдеп,
Темптерин күндө күчөттү.
Тер куюлуп, буу чыгып,
Телегейди түзөттү.
Ак пахтаны аймалап,
Кара жерди саймалап,
Эжем кылса эмгекти
Эрик күүсү сайралат.
Куу турмуштан кутулган,
Жибек саамай шаңданат.
Эпкинчилик — тезчилик
Ээлендирет алгалап!

Чалкасынан жыгылган?
Көлдөй толкуп
Көчөлөрдө калың эл,
Көзгө үйрөнгөн,
Мындай ишке канык эл?
Бири ыйлады
Өпкө кагып шолоктой,
Бирөө күлдү
Күрп, мекиян короздой.
Бирөө карап
Сонуркады өлүктү,
Бирөө карап
Кансырады желикти.
Ак кийинген,
Автомобиль минишкен,
Каткырышты,
Тамашага күлүштү.
Каткырышты,
Тамашага күлүштү...
Шаптай-шаптай
Муруттарын имерген,
Салмак баскан,
Сар дөбөттөй килейген.
Алдындагы автомобиль
Күмүштөн,
Асемденген,
Асманданып чиренген.
Улуп-уңшуп
Чыккан үндү тыңшабай,
Ушул чоңу —
Шаардагы билермен.
Өлгөн жандар

Калмак беле сураксыз,
Кан жуткучтар
Болмок беле кулаксыз.
„Ууру бала —
Качканынан өлдү“ деп,
Акти жазган —
Арам жүрөк уятсыз.

II

Күндө кыргын,
Күйүт баскан эл ушул.
Күндө кайгы,
Күйүт тарткан эл ушул.
Кара зындан
Каарында кармалып,
Пролетардын
Эр солдаты каарман,
Пролетарчыл
Тельман жаткан жер ушул.
Кызыл майдан
Кыргынында канышкан,
Кыраан куштай
Пролетарым арыстан.
Кыраан куштай
Пролетарым арыстан!
Жер солкулдап,
Астын-үстүн болсо да,
Жетер максат
Жеңип чыгар намыстан!

III

Көчө көркөм,
Кадимкидей салтанат,

5*

Көз чагылат,
Көркөмдөнөт жаркырап;
Сап-сап болуп,
Сандаганды көрөсүң,
Жалбарышкан,
Жалбарышып нан сурап.
Бирөө жатат
Тигил туюк бурчта,
Тилден калган,
Муздак тери тамчылап.
Мындай-мындай
Нечендери кез болот,
Өксөп ыйлап
Өлүп жаткан алсырап,
Өксөп ыйлап
Өлүп жаткан алсырап!
Толкуп калык
Аркы-терки термелип,
Өч оргуштап,
Кетпес кеги барсынат.
Бир мезгилде:
Кызыл майдан кыйкырык,
Калың жаштар —
Каптап келет кыйкырып!
„Алга жаштар,
Алга жаштар“ дегендей
Колдо туулар —
Асманданат кулпунуп.
Ана чыкты
Полициялар са[illegible]шып,
Азоо жандай
Минген аттар жулкунуп.

Эгер жаштар
Жалтак болуп жаралса,
Кимден коркуп
Куралдансын полиция.
„Кызыл майдан
Рот Фронт“ кыйкырык,
Кызуу жаштар
Дабылдашат жалынча!
Кантип жаштар
Турмак эле токтонуп,
Кайтпас кайрат
Добулбасы кагылса!

Кантип жаштар
Канын чачмак тегинге,
Калмак жаштар
Кандуу күрөш кебинде.
Кантип жаштар
Коркок болуп жаралсын,
Талбас тулпар
Тельман өскөн жеринде.
Көтөр көккө,
Көтөр көккө туунду!
Жалын жансын
Социалчыл өмүргө!

## КАРГА

Айланып жүрүп асманда
Койлор жуушап жатканда,
Бир козуну бир бүркүт
Көтөрүп кетти асманга...
Көтөргөнүн бүркүттүн
Көрүп калды бир карга.
„Уятсыз бүркүт экенсиң
Уялбай козу көтөргөн,
Ушуну балбан деп мактап
Убара болдук эзелден...
Канатты күүлөп кагайын,
Тырмакты катуу салайын.
Бүркүттөй коркок болбостон,
Бир семизин алайын".

Деп айтып карга дагы учту,
Бир койго келип жабышты.
Илинип калып даакыга
Тырмагы чыкпай карышты.
Салпактап жүргөн карганы
Койчулар кармап алышты...
„Жаш балдар ойноп жүрсүн" деп
Канатын кыркып салышты.

## ЭШЕК МЕНЕН БУЛБУЛ

(*Крылов менен Абайдан*)

Тойгон эшек чөптү оттоп мандайдагы,
Сонуркап сууга кетти чоң-сайдагы.
Тентиреп өзөндү өрдөп келе жатып,
Жолукту бир булбулга бутактагы.

— Сенсиңби, акын булбул? Жаңы көрөм,
Атыңа эл мактанган кумар элем!
Сайрачы, өзүм тыңшап айтканыңды,
Элдин сөзү ыраспы сынаар элем.

Таңшыды акын булбул үнгө салды,
Толгоду токсон бурап күүсүн чалды.
Дүйнөнү бир терметип толкундатты,
Булбулдун муңдуу кайрып сайраганы.

Ышкырып жүрүп турган шамал тынды,
Ырдашпай куштар дагы тыңшап турду.
Жайылып оттоп жүргөн койлор дагы
Угушуп салган күүнү жуушап турду.

Дем албай койчу дагы угуп турду,
Жылмайып анда-санда күлүп турду.
Акындын айдап салган ардак күүсү
Айлана асылдыгын билип турду.

Булбул күттү угууга эшек сөзүн,
Эшек жерге каратып эки көзүн:
— Капасыз тыңшап угар жан экенсиң,
Бирок да короз үнүн үйрөнбөпсүң.
Дагы да, сайрап жүрсөң — деди,
Короздон бир азыраак үйрөн,— деди.
Бул сыяктуу сынчынын сөзүн угуп
Булбул байкуш капкайда учуп кетти.

## ЖАШ ТУУГАНДАР

(*А. Бартодон*)

Жер жүзүнүн ар тарабында жашаган бирине-бири окшошпогон жаш туугандар жөнүндө сүйлөп беремин.

Бул тууганым капкара,
Окшобогон башкага.
Кой жүнүндөй тармал чач,
Жумуру кабак жаш бала.
Кара майдай эттери,
Көөдөй кара көздөрү.
Ал өзүнчө эркелеп,
„Гилли-милли,
Гиллилеп“
Буту менен жер челет.

Бул тууганым сапсары,
Типтик турат чачтары.
Кылыр көздүү бул бала
Кыйшык тартып басканы.
Саамайы бар желкеде,
Өрүп койгон желкеге,
„Чинге-линге,
Чингелеп“
Буту менен жер челет.

Үчүнчү тууган топтору,
Көмүрдөй кара көздөрү.
Ал тууганым шипширин,
Кызыл тору беттери.
Ал өзүнчө эр келет:
Буту менен жер челет
„Кива-кива,
Кивалап“
Буту менен жер челет.

Бул ак бала четтеги,
Коңгуроодой сөздөрү,
Салаң мурун саргыл чач,
Көлдөй көпкөк көздөрү.
„Эне-эне!
Энелеп“
Ал өзүнчө эркелейт.

Энекеси муңдагы
Кара уулуна ырдады:
„Ой, кулунум, уктагын,
Күүгүм кирди түн түшүп,
Атаң байкуш келбеди
Отурайын мен күтүп.
Ой, кулунум, атакең
Эрте кеткен таң заардан,
Арып, талып ал келер,
Жүк көтөрүп чарчаган.
Ой, кулунум, тилеймин:
Сен чоңоюп өсөрсүң,
Сен жалкы эмес досуң көп,
От-түтүндүн ичинде

Алар менен жеңерсиң.
Жеңиштердин жемишин
Энекеңе берерсиң.
Уктай койчу, кулунум,
Уктай койчу, Ю-Дзьным!“

Энекеси муңдагы
Тору уулуна ырдады:
„Ой, кулунум, атаңды
Ойготпочу чарчаган,
Эртең дагы кыйналар
Кутула албай камчыдан.
Баткак кечип кош айдап
Ал байкуштар арзыган.
Кожоюну короңдоп
Тыным бербей тантыган.
Мен тилеймин, кулунум,
Сен чоңоюп өсөрсүң,
Атакеңди куткарып,
Максатыңа жетерсиң.
Сен жалкы эмес досуң көп,
Сен бактылуу экенсиң.
Уктай койгун, эрмегим,
Жаш чымчыгым өсөрсүң“.
Энекеси эрмектеп,
Ак баласын терметет:
„Уктай койчу, эрмегим,
Бармагыңды эмбегин.
Сен торолуп чоңойсоң
Эр азамат болорсуң.
Заводдогу машина
Балкаларын согорсуң,

Досторуңду унутпа,
Алар менен болорсуң.
От-түтүндүн ичинде
Ордун басып атаңдын
Кызматыңа келерсиң.
Алдей,
Алдей,
Уктай кой!“

## САЛТАНАТ, САЙРАН ӨЛКӨСҮ

(*Кыргызстандын 15 жылдыгына карата*)

„Качырганын кайсаган
Кара кашка тынардай,
Калкымдан ашты дөөлөтү
Канткенде турам кубанбай“.

Деп карыя баштады,
Алтымыш жашта курагы.
Коңур үн бийик чыгарып,
Комузун күүгө бурады.
Тамшандырып укканды
Таттуу ыр бирден чубады.

„Адамдын көөнүн сергиткен,
Адырдын салкын желиндей.
Толкундап турат жүрөгүм,
Тоодогу тунук көлүмдөй.

Салтанат сайран өлкөмдү,
Сайрабай кантип турамын.
Бактынын жолун көрсөтүп,
Балбылдап күйөт чырагым.

Ырысым Кыргызстаным,
Он беш жыл толгон чагында,
Безентип тилим сайрайын
Мен булбулуң талыңда.
Күн жаркырап дем берип,
Гүл жайнады багында.

Намысты колдон кетирбей,
Таалайың алдың талашып,
Ак булут кечип жылдызга,
Барайын десең жол ачык.

Ырдаган үнүм угулсун
Ыраакы, алыс жалпыга,
Сайрандап жаткан элиме
Сайра да, тилим, таңшы да.

Жибектей болуп желбиреп,
Мөмөдөй болуп мөлтүрөп,
Көтөрүлөт шаңданып,
Көңүлүм дегдеп ээлигет,
Айтса болду артымда
„Акындын айткан кеби“ деп.

Көктөн жамгыр куюлса
Көк шибер көркүн чыгарар.
Тамылжып нурун күн төксө,
Тал чыбык өсүп буралар,
Элинин көөнү ток болсо,
Элирип ырчы кубанар.

Тулпар ат чыкпайт байгеден
Саяпкер жайын билбесе.
Мүнүшкөр таптап айнытса,
Мурунтан алгыр жаш берен
Далбага келбейт үндөсө.

Балапан күндөн түлөтүп,
Баркымды билип таптадың,
Саяпкер элим чапканда
Туягым жаза баспадым.
Комузду колдон түшүрбөй
Кадырың калкым мактадым.

Гүлдөгөн баштын көркү—күн,
Күлкүсү чыкты селкинин,
Большевик баштап алдыңда
Баатырды элим ээрчидиң.

Караса көзүм кубанат,
Кайкалап жаткан жеримди,
Кубулжуган күү чыгып,
Кубандырат көңүлдү.
Ак алтын кенин казгандай
Ак пахта жерден терилди.
Оргуштап булак аккандай,
Ополдун тоосу жаткандай
Омкоруп каздык көмүрдү.

Кейиште жатып кууранган,
Кенедей пайда кылбаган.
Көмүрүң чыкты калк үчүн
Көл боюнда Жыргалаң.

Куураганды жашарып,
Кубанычка жеткирген.
Жан бүткөндүн баарына
Өмүр берген, күч берген,
Суулардын кыргыз мекени...

Ракмат, элим, чыдадың,
Ызгаар, бороон, кайгыга,
Күрөштүн көрүп убайын
Күн тийди батпас айлыңа.
Колхоздун ашып байлыгы
Кара тоо менен тең болду.
Какырагай кумдуу чөл,
Калалуу кооз жер болду.

Карачы кыргыз картасын
Кызыл ала көрүнгөн.
Кызыктырып көргөндү,
Кайма чийме бөлүнгөн,
Кызыл-Кыя, Сүлүктү
Кыйладан чыкты көмүрдөн.
Көк-Жаңгак менен Таш-Көмүр
Көркөмдөп ырдайм бүгүн мен.

Жаркырап аккан сууларды
Шамдагай элим байлады.
Эрме чөл менен тоолордо
Электр нуру жайнады.
Арашан менен Жети-Өгүз
Адамга дары пайдалуу.
Чатыр-Көл, Соң-Көл, Ысык-Көл
Жеримдин көркү, ардагы.

Кара-Кужур, Көк-Ойрок,
Кара жеринин соорусу.
Калкылдай учат асманда,
Карчыга менен жорусу.
Ак-Сай, Арпа, Чоң-Алай,
Атагы чыккан жер ушу.
Суусамыр, А[illegible]ым, көп жайлоо,
Суктанар элим конушу.

Агылып кени казылды,
Хайдаркан менен Кадамжай.
Пахтага толду талаасы,
Базар-Коргон, Майлы-Сай.
Өркүндөй журттун пахтасы
Өнөрү ашты айныбай.
Арстанбап жердин сырттаны
Жаңгагы таштай шиленген.
Ак мөңгү жаткан чокусу,
Асманды тиреп чиренген.
Күзүндө бышкан жемиши
Жазында барып түгөнгөн.

Киндигим кесип бууган эл,
Киримди жайып жууган жер.
Өркүндөп өскөн убагың,
Өмүргө мени тууган эл.

Алтымыш жашка чыксам да,
Алымды күчтүү сеземин.
Карчыга куштай талпынып,
Кайратка келген кезегим.

Айлымдын баарын кыдырып,
Аралап жүрүп сайрадым.
Атагым, даңкым чыгардың
Айланам элим — балбаным.

Жомоктон айтып, билбеген,
Түшүндө пенде көрбөгөн.
Сонунду жасап чыгарды,
Соолбойт тура эл деген.

Карышкыр улуп жойлогон,
Капчыгай бизге багынды.
Аркарлар басып өтпөгөн
Аскага жолдор салынды.

Эзелден музу кетпеген,
Тирешкен асман көк менен.
Ашууну жеңдик талкалап,
Адамзат барып жетпеген.

Азоодой байлап көндүрдүк,
Агыны катуу дайраны.
Асмандап турган чокуда
Албырат Совет байрагы...

Кендерди казып чыгардык,
Кылымдар боюу көмүлгөн.
Жан барбаган сайлардан,
Жаркырап шаар көрүнгөн.
Жер майышат кайкалап,
Желпинип чыккан эгинден.
Балбылдап Ильич чырагы
Бактынын нуру төгүлгөн...

Тиктегени маралдай,
Жүгүргөнү шамалдай,
Тайбуурул сындуу бууданды,
Алпештеп багып суутуп,
Үстүнө токум салбадык,
Кунанын да кур коюп,
Асыйын да кармадык,
Ата журт коргоп жоо сайган,
Уландар үчүн арнадык.

Коюбуз миңдеп жетилди,
Жибектей жүнү созулуп.
Төрт түлүк малдар жайнады,
Төлүнө төлү кошулуп.

Сымаптай тунук жаркырап,
Сызылып аккан булагы.
Көргөндүн көзүн тойдурат,
Көйкөлгөн шибер тулаңы.
Бай-манап жатчу жайлоого
Колхоздун толгон убагы.

Талаасы Чүйдүн, Таластын,
Дарыядай ташты байлыгы.
Убайым тартып жүргөн эл,
Унутуп салдык кайгыны.

Күүлөнүп күкүк үн салып,
Күлүңдөйт сайма жер бети.
Толкутуп топту эритет,
Токтогулдун кербези.

Атактуу акын Токтогул
Айрылган тууган баарынан.
Аныкты, чындык ырдайм деп,
Азапта жүрүп карыган.
Эсилдин айткан сөзү деп,
Эркиндик заман тушунда
Эли сүйүп тааныган.

Ылайы жок тунуктан
Ырдашып сайрап чыгышкан,
Булбулдар шаңдуу үн салды,
Муңайып жүргөн мурунтан.

Бир кезде койчу, жылкычы,
Көңүлүң кайгы муң алган.
Жазуучу, артист, комузчу,
Жайнашып чыкты булардан,
Гүлдөгөн элдин көркүнө,
Күндө сонун чыгарган.
Улардай сайрап үн салса,
Уккандар чыгат кумардан.
Дүйнөгө даңкы угулуп,
Дүңгүрөп кыргыз кубанган...

Талыкшып жаткан Ала-Тоо,
Таң нуруна чөмүлдү.
Күүгүмдү баштан кетирип,
Гүлдөттүң кыргыз элиңди.
Туу көтөрүп сайрандап,
Турмуш болду көңүлдүү.
Сай, капчыгай, жайыктан,

Заңкайып мектеп көрүндү..
Балдары окуп мектепте,
Багынтты кыргыз билимди!

Зардалын козгоп жүрөктүн,
Так сүйлөп комуз кайрыгын.
Таалайдын ээси калкымда,
Тагы жок өткөн кайгынын.

...Толкуну тоону бузчудай,
Ак көбүк чачып шарпылдап,
Көркүбүз биздин Ысык-Көл,
Көргөн адам салкындап!..

Кийиги койдой жайылып,
Барчындар шаңшып эргиген.
Жайлообуз сонун жер болот,
Жан-жаныбар сергиген.

Калкагар тоону жашырган,
Карагай менен кайыңы.
Желе тартып, бээ байлап,
Жердеген колхоз айылы.
Укмуштуу көркөм жерибиз,
Угулду көккө дайыны.
Дүйнөгө чыгып атагы,
Дүркүрөп кыргыз байыды!..

Учкучтар чыкты кыргыздан,
Большевик багып таптаган.
Ак шумкар куштай көктө эргип,
Алышкан жоодон кайтпаган.

Жадырап гүлдөй ачылган,
Жаштары өстү кыргыздын,
Алышкан жоосун кыйраткан,
Арстаны өстү кыргыздын!..

Керме тоо ичин аралап,
Кейиште жүргөн кубанбай.
Өрүшү кеңип элимдин,
Өсүштү эркин чынардай!..

Кечээги койчу, жылкычы,
Кетпес кенчке кезикти.
Кыраан куш канат таккандай
Кыргыздар алга кетишти,
Жексен деп жерге жапшырдык
Желмогуз душман жезитти.

Солуган эли чыгыштын,
Сонуркап бизге суктанды.
Кызыгып карап таң калат,
Кыраным Кыргызстанды.

Күнгө бай деп айтышат,
Күн чыгышта калыкты.
Күн тийген менен караңгы
Бизден күтөт жарыкты.
Жеткирет Совет жыргалга,
Жер бетинде карыпты.

Турмуштун болуп жаркыны,
Туусун кармап Лениндин
Тагдырын чечип ааламдын.
Таалайы болдуң элиңдин.

Түбөлүккө өчпөгөн,
Жанга кубат, көзгө курч,
Жарыгы болдуң өмүрдүн.

Кеңири биздин келечек,
Гүлдөгөн бактай көрүнөт,
Какшыган чыбыр жашады,
Жемиши жайнап төгүлөт.
Атабыз шондо мактайсың,
„Азамат кыргыз эли“ деп.

Сар жибек боосун көтөрүп,
Сабалап учкан туйгундай.
Жашарган өмүр бул чакты,
Жатамын кантип ыр кылбай.

Таңдагы соккон сыдырым,
Таасири күчтүү адамга.
Талпынат куштай көңүлүм
Таалайлуу ушул заманда...“

# ГҮЛ ТУРМУШ

*(Москвада өткөн кыргыз искусствосунун декадасында ырдалган)*

Гүл турмушта жадырап,
Күлө турган кез ушул.
Күн нурунда сайрандап,
Жүрө турган кез ушул.

Эл достугу аскадай,
Бузулбаган кез ушул.
Эркин учуп туйгундай,
Кыз ырдаган кез ушул.

Тоонун жашыл гүлүндөй,
Өмүр өскөн кез ушул.
Толкуп жаткан деңиздей,
Көңүл өскөн кез ушул.

Түркүн гүлү таалайдын,
Түбөлүккө ачылган.
Гүлгө нурун жиберген
Компартия акылман.

## МАЙДАН ЫРЫ

Жайнап өскөн гүл мына,
Жашыл сайма түр мына,
Жаркыраган алтын туу
Жайдары сонун күн мына.

Булбул сайрап талдагы,
Чолпон балкып тандагы.
Өлкөм бүгүн шаңданат,
Жыргал, күлкү майрамы...

Кызыл-тазыл кийинген
Кыз, келиндер бир сонун.
Кырка-кырка тизилген
Жаш берендер бир сонун.

Асман менен айланган
Канаттуулар бир сонун.
Жаркын турмуш сакчысы
Жарактуулар бир сонун.

Эркелеген таалайга,
Элим бүгүн каткырат.
Эркин өсүп тапталган
Шумкар бүгүн талпынат.

## СӨӨЛӨТ

Жаркырап бакыт таңы нур жайнаган,
Жаздагы жаш кайындай бүр байлаган.
Береке, күндө жеңиш, миң тамаша,
Күлүктөй арыш салган биздин заман...
Өмүрүң миң жашасын компартия,
Ушундай жыргалчылык күн жасаган!
Айланып ар жаңы жыл келген сайын,
Көрөбүз көлдөй терең эл таалайын,
Талдагы тил безеген булбулга окшоп,
Так кайрып комузумду мен сайраймын,
Шаанилүү сөөлөт күткөн эркин элим
Кубанып жаңы жылың куттуктаймын!

## ӨКҮНБӨ

Тумандуу түн. Жашыл шибер шүүдүрүм,
Сен муңайып, мен каткырып күлгөнмүн.
„Эмнеге сен шылдың кылып күлөсүң"
Деп терс карап кабагыңды бүркөдүң...

Тоодон туман таң атканча кетпеди...
Ал күндөгү айрылууну эстечи!
Койчу, койчу, эстебечи, муңайба,
Койчу секет, көздөн жашың төкпөчү.

Ар кимде бар өткөн чакты эстемек,
Жаштын гүлүн жандын баары эскерет.
Мурункуга келбес кезге өкүнүп,
Мууну бошоп, муңга батып кетчү эмес.
Бүгүн мына, мен жигитмин, сен келин,
Бүгүн сездим өмүр чиркин жеңгенин.

Бир соккон жел кайра согуп келчү эмес,
Бир солгон гүл кайра жайнан өнчү эмес.
Карчыгадай сызып кеткен өмүрдү
Кайдан эми издемекпиз темселеп...

Тарынсаң да тагдырыңа тарынгын,
Жалынсаң да тагдырыңа жалынгын.
Айлуу түндүн далайларын өткөрдүк,
Аз да болсо ошол түнгө алымсын...

## КАПЧЫГАЙ ОКУЯСЫ

Көк тиреген сонун көркөм,
Көп аскалуу капчыгай,
Май айынын аяк чени,
Пашайыдай саймадай.

Калың чөптөр бой тирешкен,
Түркүн сонун гүл өскөн.
Күкүк, булбул үнүн кошсо,
Күү чергилип жүрөктөн.

Салкын шамал согуп турса,
Дарак башын ыргаган.
Туш тараптан агып жаткан,
Тунук суулар туйлаган.

Күүгүм кирди, айлана тынч,
Көшүп жатты капчыгай.
Ушул түнү чоң окуя —
Бир терең сыр айтчудай...

Кылыч, мылтык жарагы бар.
Чолок сары тон кийген.
Жалгыз караан келе жатты,
Таштак кыя жол менен.

Ал кайсы деп сурасаңар?
Анын аты Кабылан,
Чалгынчыга өзү чыккан
Кызыл Аскер сабынан.

Саяпкердей жакшы баккан,
Так секирген аты бар.
Командири жазып берген,
Куп жашырын каты бар,

Барар жери эки күндүк,
Чоң-Алайдын түзүндө.
Мурун билген басмачы бар —
Капчыгайдын ичинде.

Билсе дагы жаш каарман,
Корккону жок жалтанып,
Командири айтар менен,
Жүрүп кетти жол чалып.

Капчыгайга кирген кезде,
Күүгүм түшө баштады.
Жаш Кабылан келе берди,
Акылынан шашпады.

Минген аты мүдүрүлөт,
Жолдун куму эшилет.
Кээ бир жерден топ-топ болуп,
Аркар кийик кезигет.

Ала барчын, ала бүркүт,
Аскалардан айланат.
Капысынан учуп чыгат
Кайып өтүп жарганат.

Алыскы арча арасынан,
Күкүк үнүн чыгарат.
Жаза басса ат туягы,
Жардан таштар куланат.

Кабылан да келе жатты,
Кайра тартып коркпогон.
Оңтойлонтуп жарактарын,
Беш атарын октогон.

Аты чочуп үркүп кетти,
Жолдон чыга жалт этти.
Маңдай жакта корум таштан,
Мылтык үнү тарс этти.

Кыйкырышкан калың караан,
Чар тараптан көрүндү.
Капчыгайды чууга салып,
Ок жамгырдай төгүлдү.

Аттан түштү шашканы жок,
Кайра тартып качканы жок.
Караңгыда ок коротуп,
Куру бекер атканы жок.

Атын сылап маңдайынан,
„Сен жолдошум жан", — деди.
„Жүгөнүңдү шыпырайын,
Келген жерге бар,"— деди.

Мал да болсо ээсинин
Айткандарын билеби?
Кылчак-кылчак каранды да,
Кайра качып жөнөдү.

Аты кетти салган бойдон,
Ок жетпеген жагынан.
Душмандардын курчоосунда,
Өзү калды Кабылан.

Капкара түн, от чачырайт,
Көктөн жылдыз учкандай,
Тарсылдаган мылтык үнү,
Капчыгайды бузгандай.

Бир-бирине ышкырышат,
„Кармагын" деп кыйкырып.
Бетке кармап беш атарын,
Эр Кабылан тим турат.

Таш башына чыга калып,
Сорок этти бир караан.
Аны көрүп күлдү дагы,
Атып салды Кабылан.

Чыкпагын деп таш башына,
Өз өзүнө сөгүнөт.
Ыйлап калды бир далайы,
Корбашысы көрүнөт.

Мындай майдан нечендерди,
Көргөн эле Кабылан.
Көздөгөнүн кетирбеген,
Мерген эле Кабылан.

Эл камы үчүн аянбастан,
Эр аталган Кабылан.
Жоо дегенде талбай кирип,
Шер аталган Кабылан.

Большевектин чын баласы,
Балбан эле Кабылан.
Кан күрөштө мөрөй, жеңиш,
Алган эле Кабылан.

Капчыгайга жарык кирип,
Жылдыз тарап баратты.
Чымчык сайрап арчалардан,
Түн жоголуп таң атты.

Күн чачырап тоо баштарын,
Алтын нурга бөлөдү.
Гүлдө уктаган ак көпөлөк,
Ойной учуп жөнөдү.

Түн боюнча түн безеген,
Күкүк үнү басылды.
Ар кай жерде таш түбүнөн,
Дагы мылтык атылды.

Басмачылар ок жаадырып,
Тоодон таштар кулатты.
Таамай мээлеп эр Кабылан,
Далайларын сулатты.

Күн шашке, суулар мөңкүп,
Капчыгайга нур чачты.
Ок түгөнүп, шайманы жок,
Кабыланды тер басты.

Суудан ичти башын салып,
Чеке терин шыпырды.
Жанындагы калың бадал,
Арасына жутунду.

„Карма, карма, өлтүр“ дешип,
Каптап келет басмачы.
Кырбайт беле жаш Кабылан
Огу болуп калсачы!

Калың токой арасына,
Кире берип жашынды.
Оң колуна ок жаңылды,
Кан булактай атылды.

Сыр билгизбей эр Кабылан:
„Келчи — деди,— жаныма
Каптап келген калың душман,
Бомба таштайм баарыңа“.

Угуп муну басмачылар,
Кайра тартып качышты.
Туш тараптан курчап алып,
Ок жаадырып жатышты.

„Тирүү түшүп колдоруна,
Азап, кордук көрбөсмүн.
Сырымды айтып, жашырын кат,
Душмандарга бербесмин“.

Кайрат менен аралады,
Калың токой арасын.
Айрып алып ак көйнөгүн,
Өзү таңды жарасын.

Бир басмачы от койду эле,
Куурап калган четинге,
Кызыл жалын атып чыкты,
Суудай агып жетүүгө.

Чатыр-чатыр чатырады,
Жалпы күйүп жан-жагы,
Кабыланды алсыратып,
Кара түтүн каптады.

Уя баскан чымчыктар да,
Учуп чыгып жатышат.
Уруктары жерге кулап,
Ысып чыгып жатышат.

Талып жатып эр Кабылан,
Таңдай катып кургады.
Ажыдаардай өлүм келет,
Арман менен ырдады.

„Эркин сонун күнгө жеткен,
Элим калат окшойсуң.
Алтын пахта жайнап өскөн,
Жерим калат окшойсуң.

Жаркын турмуш жасалгалуу,
Жайым калат окшойсуң.
Жаш жүрөктү бирге кошкон,
Жарым калат окшойсуң.

Жакшы көргөн командирим,
Агам калат окшойсуң.
Алтай толуп күлүп калган,
Балам калат окшойсуң".

Ырын ырдап дарманы жок,
Отко түшүп кетерде,
Чуркап келип беттен өөп,
Бирөө башын көтөрдү.

Көзүн ачса командири —
Курбулары келишкен.
Бирөө муздак суу жуткуруп,
Бирөө наар жегизген.

„Түн ичинде терге түшүп,
Атың барды Кабылан.
Жалга байлап жазып берген
Катың барды Кабылан.

Курчап алган басмачыны,
Бирин койбой кармадык.
Көзүңдү ач — эр Кабылан,
Сага алкыш арнадык...

Атың дагы Кабылансың,
Өзүң дагы Кабылансың;
Капчыгайда эрдик кылган,
Кайратыңдан кагылам".

Деп командир зор кубанып,
Маңдайынан дагы өптү.
Он жолдошун кошуп берип,
Ош шаарына жөнөттү.

## БҮРКҮТТҮН КАНАТЫ

Ак булут асманында ойноп турган,
Үн чыгып капчыгайдай аккан суудан.
Жел жүрүп көңүлүңдү эркелеткен,
Жер ушул баатыр кыргыз мекен кылган.

Жашыл чөп—жарашыгы салкын жайдын,
Жайкалып, суу башына басып бардым.
Уюган ак мөңгүнүн этегинен,
Бүркүттүн бир канатын таап алдым.

Айланып учуп жүргөн эркин тоодо,
Эргиген эр берендин канаты го.
Асемдүү жаркыраган ачык күндө,
Акындын толкуй турган адаты го.

Ташыган дарыядай кыял чиркин,
Олтуруп ойго кеттим түркүн-түркүн.
Канатты оң колума кармап алып,
Кадимки Лермантовчо сөзгө кирдим:

Сен канат, кайсы аскада туулгансың?
Кайсы тоо, кайсы адырды кыдыргансың?
Не себеп, неликтен өзүң жалгыз,
Ажырап үйүрүңдөн жулунгансың?

Кыш күнү жемиңди издеп кыдырдыңбы?
Сермейм деп каардуу кырга уруңдуңбу?
Дүркүрөп бийик тоодон көчкү жүрсө,
Ошондо эпкинине жулундуңбу?

Болбосо карышкырды алдың беле?
Катуулап тырмагыңды салдың беле?
Чапчылап карышкырды жатканыңда
Илинип караганда калдың беле?

Кылкылдап тоо башынан батар күндө,
Чабытта кыраан бүркүт кезергенде,
Ачуулуу айбат менен илип алып,
Аркарды асмандатып көтөргөндө.

Канатты кайрат кылып сермегенде,
Кайрылып капчыгайды өрдөгөндө.
Туйлаган төрт туяктын бири тийип,
Калкылдап түштүң беле учуп жерге?

Айт, канат, сырың кандай?
Жүрчү элең көкөлөнүп мурун кандай?
Канаты кулаалынын эмессиң го,
Шыбактан чычкан аңдып жулунгандай.

Кармалып турганыңда башка колдо,
Аралап ак булутту жүрсөң боло,
Карарган калың жаан, шамал менен
Качырып карышкырды кирсең боло!

## ШАҢШЫГЫН, БҮРКҮТ, ШАҢШЫГЫН

Шаңшыгын, бүркүт, шаңшыгын!
Шарапат сайран күнүмдө
Ааламдын көркү көрүнөт
Аскадан чыккан үнүңдө.
Шаңшыгын, бүркүт, шаңшыгын!
Шаанисн сенсиң асмандын.
Кайысаң көктө эргисең
Кайраты сенсиң жаш жандын.

Башынан булут кетпеген,
Чокудан кабар бер, бүркүт!
Карайын көңүлүм кубансын,
Караның көрсөт, кел, бүркүт!

„Ракмат" деген кур сөз го,
Ырасы менен айтпаса.
Өмүрүң көргөн түшкө окшойт,
Өзгөлөр сени мактаса.

Атакка, даңкка кызыккан,
Адамга болбойт үлгүлүү,
„Ала көөдөн, акмак" деп,
Артыңдан айтар бир күнү.

Кошомат кылуу жойпулук,
Кор кылар бир күн сени айдап.
Элиңе кылгын кызматты,
Эмгегиңе бел байлап.

Күнүмдүк ойноп жыргасаң,
Кайгыдан жаман түшүнгүн,
Болбогон ишке чарпылып,
Мокотпо курчун күчүңдүн.

Жан алгыч кыстап турса да,
Жан берип жатып эл дегин,
Жарташка бекем көмсө да,
Жалганга кетпес эмгегиң.

## АТАҢДАН

Апекең менен атаңа
Айдыңда чыккан гүл элең.
Калайык үчүн кулунум,
Кайраттуу бол деп тилегем.

Жашыңда ойноп жүрчү элең
Жаш чыбык алып „найза“ деп.
Кадимден самап жүргөмүн:
Каралдым жоону сайса деп.

Ителги куштай душманга
Имерип тийдиң билемин,
Оргуштап көлдөй толкудум,
Ордунан чыгып тилегим.

„Балаңыз баатыр болду“ деп,
Барыктап жазган кат алдым,
Төбөсүн көккө жеткирдиң
Карыган кезде атаңдын...

Айнектей көздүн чырагы
Ардагым сени сагындым,
Айкашкан кандуу майданда
Аманын тилейм жаныңдын.

Айтышса намыс алсын деп,
Алпештеп сени баккамын.
Алдынан чыккан душманды
Арстандай чапчып таштагын.
Артында атак сөз калсын
Ата журт антын актагын.

## БАЛАҢАР ЖАЗАТ АЛЫСТАН

...Алдастап аккан тоосунан
Акактай тунук суулары.
Жайкалтып чөптү, согулган —
Шамалы жандын жыргалы.
Саймадай гүлдөр жадырап,
Шааниге салган жылганы.

Атырдай жыты буруксуп,
Арчасы өскөн жанаша.
Жибектей жумшак сезилет
Шиберин адам кармаса.
Көңүлүң күндөй ачылат
Көкөлөп торгой сайраса.

Аркары койдой жайылып,
Аскасы үнгө жаңырган.
Балтыркан өскөн сонун жер
Барбаса киши сагынган.
Күмүштөн аппак мөңгүсү
Күн нуруна чагылган.

Адырдуу тоону чабыттап,
Айланып учкан ылаачын.
Адамдын колу жетпеген

Ак зоого салган уясын.
Талпынса көккө балапан
Таңыркап карап турасың.

Ушундай жерде сайрандап,
Уулуңар эркин жетилген.
Эркелеп өскөн жаштыгым
Эч качан кетпейт эсимден.

Кымыздык терген жылгадан
Кызык күн экен балалык.
Кайгысыз жүрүп торолдум
Калайык үчүн жаралып.
Бактынын суусун бойлодум
Балапан куштай таранып.
Эмгекке элим көндүрдүң
Эринчээк кылбай жашымдан.
Кулжалар жүргөн жерде өстүм
Кулпунун гүлү ачылган.
Көргөндүн көзүн тойдуруп
Көк шибер жерди жашырган.

Торгойлор менен бирге ырдап
Тоолорду далай арыткам.
Туланын жердеп жээгинде
Тунук суу менен жарышкам.
Майданга таптап жиберген
Балаңар жазат алыстан.

Кастарлап багып өстүргөн,
Калкыма айткан саламым.
Касташкан жоону жеңбестен,

Кай бетим менен барамын.
Кагылайын ата журт,
Касамы ушул баланын.

Бурулуп жоого тийгемин,
Булбулдай кыргыз даңкыңды.
Жазганбай элим актадым
Жашыман берген антымы.
Жанымды берсем — беремин,
Сактаймын сүйгөн калкымды.

Намысты колдон бергиче,
Жарылып өзүм өлөрмүн.
Айбыгып качсам душмандан
Ак сүтү урсун энемдин.

## МОСКВА — КРЕПОСТЬ

Өлүмтүк издеп тарп жеген,
Өздөрүн мактап алп деген,
Адамдын канын жутууну
„Атадан калган салт“ деген.

Карышкырдай кажанып,
Кан тиленип жутунган.
Каргышын ичип дүйнөнүн
Кандек иттей кутурган.

Айбандан жырткыч фашисттер,
Айлыма бүлүк салмакпы.
Бактысы болгон жеримдин
Москваны басып алмакпы.

Деңизден тентип дарыя
Тескери мөңкүп акса да,
Асмандын түбү оюлуп
Айланып жерди басса да,
Бейпилде элдин борборун
Бербейбиз асты башкага.

Күл кылгың келет талааны,
Күмбөзүн Ленин атанын.
Мактанчаак, көркоо Гитлер

# АНТЫМ

*(Боецтин ыры)*

Жан алгыч салып тырмагын,
Жазыксыз кандар төгүлдү.
Ажыдаар сойлоп жеримде
Ажалдын чогу төгүлдү.
Колума курал кармадым
Коргоого тууган элимди.
Алдейлеп баккан журт үчүн
Арнадым кырчын өмүрдү...
Касташкан кара душманды
Каптаймын жүргөн кыянча...
Арманым калбайт дүйнөдө
„Актадың антың б лам“ деп,
Артымдан калкым кубанса...

Талкалайт элем жоонду,
Тапшырып берген куралың,
Жыргалга кастык кылганды
Жыландай жанчып кырамын.
Кастарлап багып өстүргөн,
Калайык мени сынагын,
Өчүңдү алып бербесем,
Өмүрдө калкым ичирбе
Өрүштүн салкын булагын...

Көйкөлгөн ыраң шиберде
Көпөлөк кууп өскөмүн.
Танкы жел коштоп көңүлдү
Таалайдын күүн чертемин.
„Садагам, балам, эркиңче
Сайрандап жүрүп өс“ дедиң.
Калайык ошол жыргалды
Канткенде актап кетпейин...

Айбыгып качсам душмандан
Артымдан элим каргагын.
Көмүлбөй сөөгүм чирисин,
Көмүүгө басып барбагын.
„Ал коркок атам эмес“ деп,
Атымдан тансын балдарым...
Ажалдан башым тартпастан
Ата журт үчүн жан берем!
Калтарып коркуп тургандай
Кайратсыз өскөн жан белем.
Абалтан ата салт ушул
Адамдын көркү ар менен.

Ар үчүн өлсө эр жигит
Айтылып элде калганы,
„Атакем баатыр болгон“ деп,
Аргынан айтар балдары.
Канча жол кылым өтсө да,
Калкынын болор ардагы.

## КОШ, АЛА-ТОО, УУЛУҢ КЕТТИ МАЙДАНГА

Дүйнөнүн жүзүн өрт алып
Кара жалын каптады.
Кыяндай журөт шаркырап
Кызыл кандын акканы.
Ушундай апаат күндөрдө
Уяттан уят эмеспи,
Уулуңдун үйдө жатканы.

„Айланам, коркок болбо“ деп,
Айтканын эстейм эненин.
Ай, чапчып суудай толкуган —
Артымда калкым турганда
Айыгышкан жоону жеңемин.
Барыктап багып өстүргөн
Balаңдын сына өнөрүн.
Жеримдин бетин булгатпай
Желмогуз канын төгөмүн.
Кулжалар оттоп семирген
Кулпунган гүлү төрүмдүн.
Колоттон сууң шаркырап,
Комузу болгон көңүлдүн.
Асмандап эркин ылаачын
Ардагы болгон көркүмдүн.
Көркөмдүү жерим сактоого

Куралды колдон таштабай
Курманы болом элимдин.

Атылып тоодон секирген.
Булагың эстеп жүрөрмүн.
Таң менен шаңшып ышкырган
Уларын эстеп жүрөрмүн.
Аскадан аркар көтөргөн
Кыраанын эстеп жүрөрмүн.
Чымчыктар сайрап отурган
Чынарың эстеп жүрөрмүн.

Суусунга балдай татыган
Сууларың кетпес көңүлдөн.
Көйнөгүм чечип, көпөлөк
Кууганым кетпес көңүлдөн.
Туткалуу кыргыз ак калпак
Тууганым кетпес көңүлдөн.

Эселек кезден торолтуп,
Эсиңде жүрдүм, мен дедиң.
Энекем сенсиң Ала-Тоо,
Эмчегиң соруп эмгемин.
Жашымдан көөнүм шат болуп
Жалтанбай жүрүп көнгөмүн.
Өлүмдөн жаман эмеспи
Өч албай кайра келгеним.
Байлоосу жакшы келишсе,
Байгеде ар ат чыга алат.
Элине бүлүк түшкөндө
Эр жигит шондо сыналат.
Кедери элдин кетпейби,

Кек албай калса кубалап.
Кагылам журтум ишенгин
Кара туткан балаңар —
Кармашкан жоосун жыгалат...

Аман кал, калкым, аман кал...
Айлыңда чардап жүргөмүн.
Аралап, терип чоңойгом,
Адырдын жашыл гүлдөрүн.

Сел алса кетпес эсимден
Селкилер менен каткырып
Селкинчек тепкен күндөрүм.
Байлыгы суудай ташыган
Бактыга баткан жеримсиң.
Секетиң болуп жаш жаным
Сен үчүн каным төгүлсүн.
Балбылдап сары жылдыздай
Майданда уулуң көрүнсүн.
Курманы болсом мейличи
Курдаштар сүрчү өмүрдүн...
Жартыны бөлүп бир жешкен,
„Жан, каныбыз" бир дешкен,
Жарым менен коштошом.
Бакылаш курбу замандаш,
Баарың менен коштошом.
Дүйнөдөн каргап жоготкун
Душмандын жолун тоспосом!

Тепкедей чактан өстүргөн,
Тентектик кылсам кечирген
Агалар аман калгыла.

Кыянат ишке баспаган,
Кылчайып жоодон качпаган,
Абалар аман калгыла.

Эрлерге сүтүн эмизген,
Энелер аман калгыла.
Эмгектен жүзү албырган
Жеңелер аман калгыла,
Эркеси болгон адамдын,
Ээлери жыргал замандын,
Мөмөлөр аман калгыла...

Сактоого кетип баратам...
Садагам, элим, жыргалым,
Салкындап суун ичемин,
Сарымсак терген жылганын,
Турумтай куштай талпынып,
Турмуштун көркүн ырдадым.
Угарсың элим шаңданып,
Уулундун жоону кырганын.
Айдаткан күлүк каламды
Алмаштым найза курчуна.
Кеткемин кандуу сапарга
Керегим тийип журтума,
Абалдан келген нарк ушул
Азамат шундай кылчу да.
Кыйындык келсе чыдоого
Кызматың үчүн жаралган.
Элинин болуу курманы —
Эр жигит карзы абалдан.
„Кайрылып жоодон качат“ деп,
Кам санай көрбө балаңдан.

Көгөрүп жаткан Ысык-Көл
Көркүсүң жердин билгенге.
Жел менен ойноп турчу элең,
Жээгинди бойлоп жүргөндө.
Толкунундай болоюн,
Толгонуп жоого тийгенде.

Эрибей мөңгү жаркырап,
Эзелден жаткан жерде өстүм.
Санаасыз көңүл кубанып,
Сайрандап салкын жерде өстүм.
Кордукту салып душманга
Колумдан намыс бербесмин.

## КӨЛ ҮСТҮНДӨ

I

Ай жарык, нурга батып турган асман...
Ак мөңгү күлүмсүрөйт алыс жактан,
Салкындап уктабастан ойго батып,
Сапарда көл үстүндө мен келатам.

Көңүлүн адамзаттын көккө сүрөп,
Көйкөлүп көл козголуп турду чалкып,
Кагылам тууган элим, тууган көлүм,
Кайрылып келип кеттим тузуң татып!..

Кадимден эр жүрөгүн эркелеткен,
Кайнаган күүнүн чыгар булагы сен,
Толкунуң тоо чочутуп жардан ашып,
Тосоcуң кучак жайып көксөп келсем!..

Асмандын жылдыз айын талашкандай,
Аркайган күнгөй-тескей тооң кандай!..

Далай эр бизден мурун өткөн тура,
Дайрадай душман канын төккөн тура.
Балдарың арстан жүрөк кыраан чыккан
Башынан сен Ысык-Көл шумкар уя...

Элиң бар эскен желдей күн өткөргөн,
Эзелден эркин төрдө өмүр сүрүп.
Эсирип каптап кирген кара жоого
Эч качан жалбарбаган тизе бүгүп!..

II

Ай батты ашып тоодон келбөчүдөй
Ашынды азоо толкун тилге кирбей,
Пароход чайпап, термеп келе жатты
Баягы байкуш энем бешигиндей...

Ышкырган ырын угуп жүргөн жердин
„Ракат көлдүн үстү кандай“ дедим,
Кыналып билектерин мойнуна арткан
Кыз менен кызыл чырай жигит көрдүм...
Аңгыча нур төгүлдү... чолпон жанды,
Ааламга сүйүнчүлөп атар таңды.
Токтолуп терең чыккан сырдуу шыбыш
Толкутуп назик сулуу үнгө салды...

### Кыздын ыры

„Адамдын каны дайрадай
Агылган жерге барасың.
Ажалдын огу балбылдап
Жагылган жерге барасың.

Өмүр, өлүм эки жоо
Алышкан жерге барасың,
Жүрөктүн канын журт үчүн
Тамызган жерге барасың.

Адырдын көркүн чыгарган
Айкалып өскөн гүл элек.
Эркиндеп тоонун койнунда
Эркесинин бири элек.

Жарашык берип жаш жанга
Жайлоонун таңы атканда,
Берметтей тунук булакта
Бетимди жууп жатканда.

Керилген тоодон эңиштеп,
Келбедиң беле мени издеп,
„Келиндер туюп калат“ деп,
Кетпедик беле жер издеп...

Ошондо берген шертим бар,
„Оюнга бакыт толсун деп,
Бул күндө жыргал сүйүүбүз
Булактан таза болсун“ деп.

Шекерим, жаным ишенгин,
Шертиме бекем турамын.
Булгабай таза сактаймын
Бул күндүн сүйүү булагын!..

Саргайып ойлоп күн-түнү
Санаанын суусун ичемин.
Айланып жылдар өтсө да,
Ардагым сени күтөмүн!

Душманга элди кор кылбай
Дуулаган күндөн айырба.
Какшатып мени салбагын
Кара түндөй кайгыга!

Жалбарып сенден сураймын
Жанымдай көргөн жаш жарым.
Айбыгып жоодон калтырап
Артыңа кадам баспагын!..

Алыска сызса ак туйгун
Айланып кайра конбойбу.
Береним коркуп сен качсаң
Бетиме чиркөө болбойбу!

Убайым тартып сени эстеп
Уктабай жылдыз санаймын.
Сапарың күндөй ачылсын
Садагаң кетип калайын!"

Кыз ырдап куулжутуп күүгө салды,
Көзүнөн жаш тамчылап көлгө салды.
Агарып алда кайдан таң сүрүлүп,
Ак мөңгү кызыл нурга күйүп жанды.

Басылып тентек толкун эргиштеген
Магдырап көлдүн үстү тынчып жатты.
Эзилип сыр алышкан үнүн тыңшап,
Энеңдей эркелетип эки жашты.

Айтылган сырды таштап бүгүн түнкү,
Акырын тоонун салкын жели жүрдү.
Чын сүйгөн өмүрдөгү курбусуна
Чыгарды жигит дагы коңур үндү.

## Жигит ыры

Кыялы таңдын нурундай
Кыздары кыргыз калкынын.
Ыргайдай бирге гүлдөгөн,
Ырыска шерик алтыным.

Көңүлгө кайгы так салбай
Көзүңдүн жашын аарчыгын!
Күлүктөн өнөр чыгабы
Күнчүлүк жерге чаппаса.
Беренден өнөр чыгабы
Беттешкен жоосу качпаса.
Кадыры шамдай жанбайбы
Калкынын карзын актаса...

Жумуртка чайкап куш кылган
Жумшаса элим барайын.
Аман жүр, курбум, аман жүр,
Ачылсын гүлдөй паанайың.
Балбылдап жанган көзүңдүн
Балакетин алайын!..

Жаштыктын багын сайрандап,
Жадырап бирге гүлдөдүк,
Көңүлдүн моокун кандырып,
Көбүрөөк ойноп жүрбөдүк.

Каткырып өмүр сүрөрбүз
Кайрылып аман мен келип.
Кечээ
Бейпилде элим жатканда,
Береке суудай акканда,
Энебиз эле Ысык-Көл,
Эмизген сүтүн жаш жанга,
Желбиреп жели турчу эле
Жээгинде ойноп басканда...

Саргайып өңүң кайгыда
Сабыркап санаа тартпагын
Топон суу жерди басса да,
Тоздурбайт сени жаш жарың.
Акактай тунук сүйүүнү
Аманат сага таштадым!..

Өмүрдө душман үзө албайт
Өрүштө бышкан алмадан,
Агылган канды аралап
Ажалга каршы мен барам.
Ат башы менен эр башы
Абалдан кайра калбаган...

Колдорун мойнуна арткан бошотпостон
Коштошуп бирин-бири сүйдү беттен,
Күү чыгып туш тараптан толкундаган,
Күн нурун балбылдатып төктү көктөн.

Койнунда эркин өскөн баласы элең
Колдосун касиети Ысык-Көлдүн.
Садага, элдин көркү [illegible]ничегим,
Сапарга аман барып, аман келгин

## САЛАМ КАТ

(Ата Мекендик Согуштун майдандарында жүргөн кыргыз уулдарына энелеринин, эжелеринин, эже-карындаштарынын жана аялдарынын жазган салам каты.)

Түн төрмөтүп уктабай,
Түйшүгүң тартып зарылган.
Эки эмчеги зыркырап
„Эрмегим сен" деп жалынган,
Көрбөсө бир пас көзүңдү
Көп жылдай көксөп сагынган.

„Жыпардай—уулум—көркүм" деп,
Жыттаса чыккан кумардан,
Талпынып күлгөн чагында
„Таалайым сен" деп кубанган...
„Журтуна чеге болсун"деп,
Жумуртка чайкап чыгарган:
Энеңер айтат саламды!

Урматтап—улуу-кичүүнү
„Уул" деп назик тергешкен,
Тоолордон тандап гүл терип,
Торгойдой сайрап бирге өскөн,
Карагат терип жылгадан

Каткырып күлүп бир жешкен.
Калкылдап түндүн салмагы
Кайыкты толкун кыскандай,
Алыстан боз таң сүргөндө
Ак шайы желге учкандай,
„Эринип жаткан бул ким?“ деп,
„Эмгекке, уул, жүргүн“ деп,
Салкын суу чачып ойготкон,
Шарактап шайыр ойношкон:
Жеңелер айтат саламды!

Бир жатындан туулуп,
Бир уядан жем жеген,
Аруулап башың ооруса,
„Алдыңа кетем мен“ деген,
„Каралдым сен“ деп сүйүнгөн
Катардаш бассаң эл менен.
Аманын ойлоп күнү-түн
Ак тилек кетпей башынан,
Тай-тайлап колдон жетелеп,
Тарбия берген жашынан:
Сапарга өзүң кетерде
„Садага мен“ деп жашыган:
Эжелер айтат саламды!

„Агалап“ чыгып алдыңан
Ак кырчын талдай буралган,
Акырын сүйлөп жанында
Айтууга сөздөн уялган,
Ардагың болуп эркелеп
Агылган нурдай чубалган,
Алыска өзүң кетерде

„Агатай, кош!“ деп муңайган...
Аркаңда калган карындаш:
Бооруңар айтат саламды!

Жүлүнү бирге бүткөндөй,
Жүрөгүңдүн бөлүгү,
Таң жарыгын бир тоскон
Таалайыңдын шериги,
Багыңда бышкан мөмөдөй,
Байланган сага өмүрү...

Чертилген комуз күүндөй
Чериңди жазган каткырып.
Дүйнөнүн соргон маңызын
Дуулаган сонун жашчылык,
Ойногон желге кептердей
Жанында турган наз кылып:
Жарыңар айтат саламды!

Душмандын каныи чачууга,
Тутанган өрттү басууга
Кеттиңер силер белсенип,
Кең дүйнө турду сурданып,
Кейишти тартты теңселип.

Желмогуз келди жутунуп,
Жергемдин баарын соруугa.
Түтпөдү эркин бул жүрөк,
Тирүүлөй күң-кул болууга.

Кыяндай толкуп биздин эл
Кыргынды салды касына.
Кыйкырып келген душмандын
Кыямат түштү башына.

Майданда силер жалтанбай
Майканды жоого салганда,
Катышпай биз да майданга
Калмак белек арманда,

Эркектер кылган жумушту
Энеңер өзү аткарды.
Ак буудай септик, пахта эктик,
Ар көрдүк бекер жатканды.

Укурук илип карууга
Уландай жылкы имердик.
Арыктар казып мейкинге,
Ак мөңгү суун жибердик.

Чаалыкпай кетмен чапканда
Чагылды күнгө билерик.
„Ач болбой жүрсүн балдар" деп,
Алтындай данды тиледик...

Чайыңар таттуу болсун деп,
Чарчабай каздык кызылча,
Торпоктой ташты көтөрдүк
Зоо көчүп, жолдор бузулса.

Айдачу силер машина
Аңырап ээн калбады.
Айнектей тегиз жол менен
Аны да кыздар айдады...

Атайлап мээлей, тон бердик
Арстандар жоого киерге.
Аябай колдо дүйнөнү
Арнадык баарын силерге!..

Эзелден бери кыргыздын
Энеси жоого бек болгон.
Кыздары менен келини
Кыпкызыл күйгөн өрт болгон.
Эрлери кетсе майданга,
Элине коргон чеп болгон...

„... Үшкүрсөм кара таш жарып,
Уктабай күн-түн сен дедим.
Көзүмдүн болгон кареги
Көрөмбү сени эрмегим.
Жолуңдан тосуп чуркайын,
Жооңду жеңбей келбегин!“
Энелер айтты бул сөздү...

„Урматтап сени уул деп,
Уялдым айтпай атыңдан.
„Баатыр“ деп тергеп жүрөйүн,
Багынтып жоону качырсаң.
Кайничек жеңип келет деп
Камдадым белек азыртан...“
Жеңелер айтты бул сөздү.

„Баралга жетип уча элек
Балапан кушмун таранган,
Талкалап жоону жеңет деп,
Таалайды күтөм агамдан.

Азапка салба кор кылып,
Ачылган гүлдү буралган.
Урматтап шайыр той менен

Учургун өзүң уямдан!..“
Как чечекей карындаш:
Бооруңар айтты бул сөздү.

„Жаштыктын ширин мөмөсүн
Жартылай бөлүп бир жедим.
Жалындай жанып жемиңден
Жалбарып жаным бир дедим.
Кирдетпейт дедим өмүрдү
Киши деп сага тийгенин...

Намысты колдон кетирсең
Наалатка калат жаш жаның.
Шорума менин калдың деп,
Шолоктоп ыйлайм жаш жарың.
Боюмду таштап өлөрмүн
Бооруна барып асканын...

„Атакем качан жеңет“ деп,
„Ажыдар канын төгөт“ деп,
Баландын тили чыккан кез
Балапан куштай эреркеп.
Көрүнсө киши жүгүрөт
„Көрдүңбү, атам келет“ деп.

Ырайым кылба душманга
Ырыска шерик мен десең.
Өмүргө кара так салба
Өзүңдү тууган эл десең.
Алдыңан тосуп чыкпаймын
Айыгышкан жоону жеңбесең...“
Жарыңар айтты бул сөздү.

... Өрт болуп жоого Чолпонбай
Өлүмгө барды бет алып.
Өчпөгөн кызыл жалындай
Өмүрлүк калды аталып.
Карыган биздей энеси
Каралдым баатыр болду деп
Кайратка келди жашарып.

Бурулуп качып артына
Булгаба учкан уянды,
Кайрадан буруп соолткуп
Каптаган кара кыянды.
Катарлаш өскөн курбуңар
Дүйшөнкул кылган эрдикке
Дүңгүрөп дүйнө кубанды.

Качырып алга кирдиңер,
Карганы шумкар куугандай,
Шашылып душман жөнөдү
Шар сууну төмөн бургандай...

Тууруна кайра конгула
Тукумун үзүп жыландын...

# ШУМКАРГА АЙТКАН САЛАМЫМ

*(Фронттогу кыргыз жигиттери менен учурашканда ырдаган ыр)*

Киндиктин каны төгүлгөн,
Кир чайкап жууган жериңден,
Сеңирдей бийик тоолору
Селкидей көркөм көрүнгөн,
Мээримдүү нурдуу Фергана
Мейкини кең Чүй, Кеминден,
Ышкырган жели Тянь-Шань,
Ысык-Көл, Соң-Көл көлүндөн,
Айчылык алыс жол жүрүп,
Апкелдим салам элиңден!

Берендер тузум татсын деп,
Белекти кыргыз жиберди.
Сайрандап өскөн тең-курбуң
Сагынды күтүп силерди.
Батыраак жоону кыйратып,
Баскыла тууган шиберди!

Кадимден жоодон качпаган
Касиет күчтүү калкыңда.
Чабуулду салып душманга
Чагылгандай жаркылда...

Шумкардай тээп түшүргүн
Шүмшүктүн учкан каргасын.
Желмогуз [illegible]есин
Жериңдин бышкан алмасын.
„Уулуңар коркок болду“ деп,
Уятка кыргыз калбасын.

Кагылам балдар, тыңшагын,
Кайрылып айтып турамын.
Ажыдаар сойлоп өтпөсүн,
Ак албарс өткүр кыраным.

Ак мөңгү салкын булагы
Ала-Тоо боорун жайлаган.
Жылгасы толуп жылкыга
Жылдыздай көп мал айдаган,
Бактылуу элиң кыргызга
Баргыла аман кайрадан!

„Эрмегим жоону жеңди“ деп,
Энеңер тосуп жүгүрсүн.
„Айтылуу баатыр келди“ деп,
Айлыңар дуулдап сүйүнсүн.
Жаркырап жүзү нурданып,
Жарыңар чыксын буралып.
Саламын айтсын тууган жер
Сай-сайдан мөңкүп суу агып.

Эртерээк жоону кыйратып,
Элиңдин атын актагын.
Акының элем бирге өскөн
Арстандар ушул айтканым.

Бургудай көсөп душманды
Буурадай матап таштагын!
Сайрандап өмүр сүрүүгө
Саламат болсун жаш жаның.
Артыңа калар иш кылгын
Акының мактап айткандай,
Бошотпой жоону кармагын
Болот жаак капкандай!..

## *МАЗМУНУ*


Уккула ырын каламдын . 3
Көкөш көзүн ачты . . . . 5
Өмүр . . . . . . . . . . . 7
Эмгек . . . . . . . . . . . 8
Дин жөнүндө . . . . . . . . 9
Эски дат. . . . . . . . . 10
Эмгекке жүрөк толкуду . 12
Талаа көркү . . . . . . . 15
Кыяк күүсү . . . . . . . 17
Ленин багы . . . . . . . 19
Алгыла алтын билимди . . 20
Талаа сыры . . . . . . . 21
Калемге . . . . . . . . . 23
Толкунга минсем . . . . 24
Камчы тагы . . . . . . . 25
Ала-Тоонун аскасынан ашалык . . . . . . . . 27
Комуз . . . . . . . . . . 29
Жыргал күн . . . . . . . 32
Булбулга . . . . . . . . 36
Ак куунун учушу . . . . 39
Жайдын бир күнү . . . . 42
Аткан таң . . . . . . . . 43
Кечки жел . . . . . . . . 47
Көк менен . . . . . . . . 48
Кызыл-Кыя . . . . . . . 50
Жибек саамай . . . . . . 57
Көккө көтөр туунду . . . 63
Карга . . . . . . . . . . 69
Эшек менен булбул 70
Жаш туугандар . . . 72
Салтанат сайран өлкөсү . 76
Гүл турмуш . . . . . . . 89
Майдан ыры . . . . . . . 90
Сөөлөт . . . . . . . . . . 91
Өкүнбө . . . . . . . . . 92
Капчыгай окуясы . . . . . 93
Бүркүттүн канаты . . . . 101
Шаңшыгын, бүркүт, шаңшыгын . . . . . . . . . 103
Атандан . . . . . . . . . 105
Баланар жазат алыстан . . 107
Москва—крепость . . . . 110
Ата журт үчүн майданга . 112
Антым . . . . . . . . . . 113
Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга . . . . . . . . 115
Көл үстүндө . . . . . . . 120
Кыздын ыры . . . . . . . 121
Жигит ыры . . . . . . . 124
Салам кат . . . . . . . 126
Шумкарга айткан саламым. 133

0,32 р.